# ЭФОТК (IFRIC) 14 түшүндүрмөсү

## *"ФОЭС (IAS) 19 – Белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын активинин четки көлөмү, каржылоого минималдуу талаптар жана алардын өз ара байланышы"*

## Шилтемелер

- *"Финансылык отчеттуулукту берүү"* ФОЭС (IAS) 1
- *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8
- *"Кызматкерлердин сыйакылары"* ФОЭС (IAS) 19 (2011-жылы киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен)
- *"Бааланууучу милдеттенмелер, шарттуу милдеттенмелер жана шарттуу активдер"* ФОЭС (IAS) 37

## Баштапкы маалымат

1 ФОЭС (IAS) 19дун 64-пунктунда белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза активин баалоо төмөнкүдөй көлөмдөрдүн эң азы менен чектелет: белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын профицитинин суммасынын жана активдердин четки көлөмүнүн маанисинин. ФОЭС (IAS) 19дун 8-пунктунда «программадан каражаттарды кайтаруу же программага келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасында жеткиликтүү кандай болбосун экономикалык пайдалардын келтирилген наркы” сыяктуу активдин четки көлөмү аныкталат. Каражаттарды кайтаруу же келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу качан жеткиликтүү деп бааланышы керек, тактап айтканда, каржылоого минималдуу талап бар болгондо, деген суроо туулат.

2 Кызматкерлерге сыйакы төлөп берүү боюнча программанын мүчөлөрүнүн алдындагы эмгек ишмердүүлүгү аяктагандыгы боюнча сыйакы төлөп берүү милдеттенмелеринин аткарылышын кепилдөө максатында көптөгөн өлкөлөрдө каржылоого минималдуу талаптар бар. Адатта мындай талаптарда белгилүү мезгил ичинде программага киргизилиши керек болгон төгүмдөрдүн минималдуу суммасы жана деңгээли каралат. Буга ылайык, каржылоого минималдуу талап ишкананын келечектеги салымдарды кыскартууга жөндөмдүүлүгүн чектеши мүмкүн.

3 Мындан тышкары, белгиленген төлөмдөрү менен программанын активдерин баалоону чектөө каржылоого карата минималдуу талап оордотулган болушуна алып келиши мүмкүн. Адатта төгүмдөрдү программага киргизүүгө карата талап активдин бааланышына же белгиленген төлөмдөрү менен программанын милдеттенмелерине таасир этпейт. Мунун себеби киргизилген салымдар программанын активи болуп калышында турат жана, ошентип, кошумча таза милдеттенме нөлдүк болуп саналат. Бирок, эгерде зарыл салымдар төлөнгөндөн кийин алар ишкана үчүн жеткиликтүү эмес болсо, каржылоого карата минималдуу талап милдеттенмелердин пайда болушуна алып келиши мүмкүн.

3A 2009-жылдын ноябрында каржылоого минималдуу талап бар болгон шарттарда келечектеги төгүмдөрдү мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн натыйжасында пайда болгон атайын кылынбаган кесепеттерин четтетүү үчүн Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттары боюнча кеңеш тарабынан ЭФОТК (IFRIC) 14 түшүндүрмөсүнө өзгөртүүлөр киргизилген.

### Колдонуу чөйрөсү

4 Ушул Түшүндүрмө эмгек ишмердүүлүгү аяктагандыгы боюнча бардык белгиленген сыйакыларга жана кызматкерлердин башка узак мөөнөттүү белгиленген сыйакыларына карата колдонулат.

5 Ушул Түшүндүрмөнүн максаттарында каржылоого минималдуу талаптар болуп эмгек ишмердүүлүгү аяктагандыгы боюнча белгиленген сыйакылар же башка узак мөөнөттүү белгиленген сыйакылар программасын каржылоого карата кандай болбосун талаптар саналат.

## Суроолор

6 Ушул Түшүндүрмө төмөнкүдөй көйгөйлүү суроолорго жооп берет:

(a) ФОЭС (IAS) 19дун 8-пунктунда сунуш кылынган активдердин четки көлөмүн аныктоого ылайык каражаттарды кайтаруу же келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу кандай учурларда келип чыгат.

(b) каржылоого минималдуу талап келечектеги төгүмдөрдүн кыскаруусунун бар болушуна кантип таасир этиши мүмкүн.

(c) каржылоого минималдуу талап кандай учурларда милдеттенменин келип чыгышына алып келиши мүмкүн.

## Консенсус

### Каражаттарды кайтаруунун жана келечектеги төгүмдөрдү кыскартуунун келип чыгышы

7 Ишкана программанын шарттарына жана программанын юрисдикциясынын белгиленген мыйзамдарынын кандай болбосун талаптарына ылайык каражаттарды кайтарууну же келечектеги төгүмдөрдү кыскартууну аныкташы керек.

8 Каражаттарды кайтаруу же келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасындагы экономикалык пайда программанын иштөө мезгили ичиндеги бир учурда же программа боюнча милдеттенмени аткарууда ишкана аны ишке ашыра алган учурда пайда болот. Тактап айтканда, мындай экономикалык пайда ал отчеттук мезгилдин аягына карата токтоосуз ишке ашырылышы мүмкүн болгондо да пайда болушу мүмкүн.

9 Келип чыккан экономикалык пайда ишкана активдердин ашыкчаларын кантип пайдаланууну көздөп жаткандыгына байланыштуу эмес. Ишкана каражаттарды кайтаруудан, келечектеги төгүмдөрдү кыскартуудан же алардын комбинациясынан максималдуу экономикалык пайданы аныктайт. Ишкана өз ара карама-каршы келген божомолдордун негизинде каражаттарды кайтаруунун жана келечектеги төгүмдөрдү кыскартуунун комбинациясынан экономикалык пайдаларды таанылбайт.

10 ФОЭС (IAS) 1ге ылайык ишкана отчеттук мезгилдин аягына карата эсептик баалоолордун айкын эместигинин негизги булактары жөнүндө маалыматты ачып көрсөтүүгө милдеттүү, алар таза активдин жана финансылык абал жөнүндө отчетто таанылган милдеттенменин баланстык наркына маанилүү оңдоолорду киргизүү зарылчылыгы пайда болуусунун зор тобокелдигин өзүнө камтыйт. Бул активдердин ашыкчаларынын учурдагы сатылуу мүмкүнчүлүгүнө кандай болбосун чектөөлөрдү ачып көрсөтүүнү жана жеткиликтүү экономикалык пайданын суммасын аныктоо үчүн негизди ачып көрсөтүүнү камтышы мүмкүн.

### Каражаттарды кайтаруу формасындагы жеткиликтүү экономикалык пайда

*Каражаттарды кайтарууга укук*

11 Ишкананын мындай кайтарууну алууга шартсыз укугу бар болгон учурда ишканада каражаттарды кайтаруу келип чыгат:

(a) программанын милдеттенмелери кайтарууну алуу максатында аткарылууга тийиш экендиги тууралуу божомолсуз программа колдонулган мезгилдин ичинде (мисалы, айрым юрисдикцияларда ишкананын программанын милдеттенмелери аткарылгандыгына карабастан, программа колдонулган мезгилдин ичинде кайтарууга укугу болушу мүмкүн); же

(b) программанын бардык катышуучулары ишканадан кетип калмайынча, убакыт мезгилинин аралыгында программанын милдеттенмелери акырындык менен аткарылган шартта; же

(c) бирден-бир учурда толук көлөмдө программанын милдеттенмелери аткарылган шартта (башкача айтканда, программанын аякталышы катары).

Каражаттарды кайтарууга шартсыз укук отчеттук мезгилдин аягына карата программаны каржылоо деңгээлине карабастан, бар болушу мүмкүн.

12 Эгерде ишкананын активдердин ашыкчаларын кайтарууга укугу анын толук контролунда турбаган бир же бир нече айкын эмес келечектеги окуялардын келип чыгышына же келип чыкпашына байланыштуу болсо, анда ишкана шартсыз укукка ээ эмес жана активдерди таанбашы керек.

*Экономикалык пайданы баалоо*

13 Ишкана отчеттук мезгилдин аягына карата  ашыкчанын суммасын кайтаруу формасында (белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенменин келтирилген наркын алып салуу менен программанын активдеринин адилет наркын билдирген) жеткиликтүү экономикалык пайданы баалоого тийиш, аны ишкана кандай болбосун тийиштүү чыгымдарды алып салуу менен каражаттарды кайтаруу түрүндө алууга укуктуу. Мисалы, эгерде кайтаруунун суммасына пайда салыгынан тышкары кандайдыр бир салык кошуп эсептелсе, ишкана кайтаруу суммасын ошол салыкты алып салуу менен баалоого тийиш.

14 Программа жоюлганда (11(c)-пункту), жеткиликтүү каражаттарды кайтаруу суммасын баалоодо ишкана программанын милдеттенмелерин төлөө жана каражаттарды кайтаруу боюнча программага чыгымдарды камтышы керек. Мисалы,  ишкана жоюуда милдеттенмелерди камсыз кылуу үчүн талап кылынышы керек болгон кесиптик кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын, алар ишкана тарабынан эмес, программанын эсебинен төлөнгөн болсо, алып салышы керек.

15 Эгерде кайтаруунун суммасы бекитилген сумма катары эмес, толук сумма же ашыкча бөлүгү катары аныкталса, кайтаруу келечектеги күнгө карата гана ишке ашырылса да, ишкана акчалардын убактылуу наркына оңдоп-түзөө киргизбеши керек.

## Төгүмдөрдү кыскартуу формасындагы жеткиликтүү экономикалык пайда

16 Келечектеги кызмат көрсөтүүлөргө тийиштүү төгүмдөргө карата каржылоого минималдуу талаптар жок болгондо, келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасындагы жеткиликтүү экономикалык пайда болуп эң аз өлчөмдөрдүн: программаны колдонуунун күтүлгөн мөөнөтүнүн жана ишкананын иштөөсүнүн күтүлгөн мөөнөтүнүн ичинде ар бир мезгил үчүн ишканага көрсөтүлгөн келечектеги кызматтардын наркы. Ишканага көрсөтүлүүчү келечектеги кызмат көрсөтүүлөрдүн наркы кызматкерлер тарта турган чыгашалардын суммасын эсептен чыгарат.

17 Ишкана келечектеги кызмат көрсөтүүлөрдүн наркын белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенмелерди аныктоо үчүн колдонулган божомолдорду жана ФОЭС (IAS) 19да аныкталгандай отчеттук мезгилдин аягына карата болгон жагдайды колдонуу менен аныкташы керек. Мындан улам, ишкана, эгерде программага түзөтүүлөр киргизилбесе, келечекте программа боюнча берилүүчү сыйакылардын өзгөрүүлөрү жөнүндө божомолду кабыл албайт, жана ишкана программага

киргизилген кызматкерлердин санын кыскарткан учурлардан тышкары, келечекте туруктуу жумушчу күч болот деген божомолду кабыл алат. Акыркы учурда келечектеги жумушчу күч жөнүндө божомол кыскартуу жөнүндө маалыматты камтышы керек.

## Каржылоого карата минималдуу талаптардын келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасындагы экономикалык пайдага болгон таасири

18 Ишкана минималдуу каржылоонун негизинде өткөн убактагы кызмат көрсөтүүлөрү боюнча (a) кандай болбосун бар болгон каражаттардын жетишсиздигин жана (b) келечектеги кызмат көрсөтүүлөрдү жабууга милдеттүү болгон төгүмдөргө карата белгиленген күнгө каржылоого карата кандай болбосун минималдуу талапты талдашы керек.

19 Көрсөтүлгөн кызматтарга карата каржылоого минималдуу талаптардын негизинде каражаттардын кандай болбосун бар болгон жетишсиздигин жабуу максатында кылынган төгүмдөр келечектеги кызмат көрсөтүүлөрү үчүн келечектеги төгүмдөргө таасир этпейт. Алар 23-26-пункттарга ылайык милдеттенмелердин келип чыгышына алып келиши мүмкүн.

20 Келечектеги кызмат көрсөтүүлөрүнө тийиштүү төгүмдөр үчүн каржылоого минималдуу талап бар болсо, келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасында жеткиликтүү экономикалык пайда болуп төмөнкүдөй сумма саналат:

(a) келечектеги кызмат көрсөтүүлөрү үчүн каржылоого минималдуу талап боюнча келечектеги төгүмдөрдү кыскарткан кандай болбосун сумма, анткени ишкана алдын ала төлөмдү жүргүзүп койгон (б.а. сумманы алдын ала, тактап айтканда аны жасашы керек болгонго чейин төлөп койгон); жана

(b) (a) пунктунда белгиленген алдын ала төлөө болбогондо, ошол мезгилдердеги келечектеги кызмат көрсөтүүлөрү үчүн талап кылына турган каржылоого минималдуу талап боюнча төгүмдөрдүн эсептик наркын алып салганда, 16 жана 17-пункттарга ылайык ар бир мезгилдеги келечектеги кызмат көрсөтүүлөрүнүн эсептик наркы.

21 Ишкана минималдуу каржылоо үчүн негизди пайдалануу менен белгиленген кандай болбосун бар болгон профициттин таасирин эске алып, бирок 20(a)-пунктунда белгиленген алдын ала төлөөнү эсепке албай, келечектеги минималдуу төгүмдөрдү баалашы керек. Ишкана каржылоого минималдуу талаптардын негизиндеги божомолдорду, жана айрым факторлор боюнча, ушул негизде каралбаган, - белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программа боюнча милдеттенмелерди аныктоо үчүн колдонулгандарга ылайык келген божомолдорду, ошондой эле ФОЭС (IAS) 19да аныкталгандай отчеттук мезгилдин аягына карата бар болгон жагдайларды колдонушу керек. Баалоо минималдуу төгүмдөр алар төлөнүүгө жаткан убакта ишкана тарабынан төлөнүшүнүн натыйжасында күтүлгөн кандай болбосун өзгөртүүлөрдү камтышы керек. Бирок, баалоо минималдуу каржылоо үчүн негиздин шарттарында негизинен белгиленбеген же отчеттук мезгилдин аягында келишимдик негизде макулдашылбаган күтүлгөн өзгөртүүлөрдүн таасирин камтыбашы керек.

22 Ишкана 20(b)-пунктунда сыпатталган сумманы аныктаганда, келечектеги кызмат көрсөтүүлөрүн каржылоого талап кылынган келечектеги минималдуу төгүмдөр кандай болбосун белгиленген мезгилде ФОЭС (IAS) 19 боюнча келечектеги кызмат көрсөтүүлөрүнүн наркынан ашып кетсе, мындай ашып кетүү отчеттук мезгилдин аягында келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасында жеткиликтүү экономикалык пайданын суммасын азайтат. Бирок, 20(b)-пунктунда сыпатталган сумма эч качан нөлдөн кем болбошу керек.

© ФОЭС Фонду

### Каржылоого минималдуу талап милдеттенмелердин келип чыгышына алып келген учурлар

23 Эгерде ишканада каржылоого минималдуу талапка ылайык көрсөтүлгөн кызматтарга карата каржылоого минималдуу талаптын негизинде бар болгон жетишсиздикти жабуу үчүн төгүмдөрдү төлөө боюнча милдеттенме пайда болсо, ишкана төлөнүүгө жаткан төгүмдөр каражаттарды кайтаруу же программага төлөгөндөн кийин келечектеги төгүмдөрдү кыскартуу формасында жеткиликтүү болоорун аныкташы керек.

24 Төлөнүүгө жаткан төгүмдөр аларды программага төлөгөндөн кийин жеткиликтүү болбой турган деңгээлде ишкана милдет келип чыкканда милдеттенмени таанууга тийиш. Милдеттенме же белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза активин азайтышы керек, же төгүмдөр төлөнгөндө ФОЭС(IAS) 19дун 64-пунктун колдонуунун натыйжасында эч кандай пайда же зыян күтүлбөгөндөй болуп, белгиленген төлөмдөрү менен пенсиялык программанын таза милдеттенмесин көбөйтүшү керек.

25–26 [Алып салынган]

## Күчүнө кирүү күнү

27 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү 2008-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет.

27A ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) ФОЭСте колдонулган терминологияга түзөтүүлөрдү киргизген. Мындан тышкары, ал 26-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1 (2007-ж. кайра каралган) алда канча эрте мезгилге карата колдонсо, анда түзөтүүлөр ошол алда канча эрте мезгил үчүн колдонулушу керек.

27B *«Каржылоого минималдуу талаптарды мөөнөтүнөн мурда төлөө»* жарыялоосуна 3A-пункту кошулган жана 16-18 жана 20-22-пункттарга өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү 2010-жылдын 1-январынан же ушул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонушу керек. Мөөнөтүнөн мурда колдонууга уруксат берилет. Эгерде ишкана түзөтүүлөрдү алда канча эрте мезгил үчүн колдонсо, ал бул фактыны ачып көрсөтүшү керек.

27C ФОЭС (IAS) 19 (2011-жылы киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) 1, 6, 17, жана 24-пункттарга түзөтүүлөрдү киргизген жана 25, 26-пункттарды алып салган. Ишкана ушул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 19 (2011-жылы киргизилген түзөтүүлөрдү эске алуу менен) менен бирге колдонушу керек.

## Эсепке алуунун жаңы тартибине өтүү

28 Ишкана ушул түшүндүрмөнү бул түшүндүрмө колдонулган биринчи финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн алгачкы мезгилдин башынан тартып колдонушу керек. Ишкана ушул мезгилдин башында бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамында ушул түшүндүрмөнү колдонууда келип чыккан кандай болбосун баштапкы оңдоп-түзөөнү таанууга тийиш.

29 Ишкана ушул Түшүндүрмөнү колдонгон биринчи финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн алда канча эрте салыштырмалуу мезгилден тартып, ишкана 3A, 16-18 жана 20-22-пункттардагы түзөтүүлөрдү колдонушу керек. Эгерде ишкана мурда ушул түзөтүүлөр кабыл алынганга чейин бул Түшүндүрмөнү колдонгон болсо, ал көрсөтүлгөн алда канча эрте салыштырмалуу мезгилдин башында бөлүштүрүлбөгөн пайданын курамында түзөтүүлөрдү колдонуунун натыйжасында келип чыккан оңдоп-түзөөнү таанууга тийиш.

© ФОЭС Фонду